**Ата- энелер жыйналышынын**

**№ 1- протоколу**

**« 01» сентябрь 2022- жыл**

**Темасы:** **Тарбия баалуулугу, кылмыштуулуктун алдын алуу жана акылдуу балдарды кантип тарбиялоо жана окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун кантип арттыруунун жолдорун издөө.**

**Катышкандар: 40 адам.**

**Жыйналыштын күн тартиби:**

**1. Тарбия баалуулугун түшүнүү.**

**2. Кылмыштуулуктун алдын алуу.**

**3. Акылдуу балдарды кантип тарбиялоо жолдоруу.**

**4. Окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун кантип арттырууга болот.**

**5. Ар кандай маселелер.**

**Угулду:**

**Жыйналышты мектептин директору Ж. Камбарова ачып, сөз сүйлөп, мектеп, ата-эне, коомчулуктун тыгыз байлнышы ийгиликтин башаты экенин айтып өттү. Мектептин тарбиялык иштер уюштуруучусу О. Мырзабекова тарбия баалуулугу боюнча кеңири түшүнүк берди. Кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча айылдын молдосу Т. Шергазиев жана Кайрат айылынын аксакалы К. Акматов далилдер менен суицид, уурулук жөнүндө айтып өттү. Мектептин соцпедагогу А.Султанкулова диний экстремизм жана терроризм боюнча айтып өттү.Акылдуу балдарды кантип тарбиялоо жана окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун арттыруунун жолдорун мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы М.Адилбекова далилдер менен айтып өттү.Балдарды тарбиялоодо эң биринчи тарбияы эне экени баса белгиленди. Окуучулардын өсүүсүнө 4 нерсе күчтүү таасир берери окумуштуулардын изилдөөсүндө аныкталгандыгы баса белгиленди.Алар:**

**1. үй- бүлө**

**2. Массалык маалымат каражаттары( теле- радио, гезит ж.б.)**

**3. Теңтуш, достору.**

**4. Мектеп**

**Мына ушулардын арасынан башкаларга салыштырмалуу эң көп, күчтүү таасир кыла турганы бул үй- бүлө экени айтылды. Анын таасири 35 %. Демек, «уядан эмнени көрсөң, учканда ошону аласың» деген кыргыз элинин макалы**

AnyScanner

таамай , тасирдүү айтылгандыгы баса белгиленди.Айтылган ой- пикирлерди эске алып, жыйналыш төмөндөгүдөй чечим кылат.

Чечим:

1. Окуучулардын билимдүү, тарбиялуу болуп өсүсү, тыкан, таза, сабактан калбай мектепке келүүсү жана ар кандай кылмыштуулуктан коргоолусу ар бир ата-энеге милдеттендирилсин.

2. Түшүндүрү иштери жана көзөмөлдөө жагы мектеп администрациясына, класс жетекчилерге, ата-энелер комитетине жүктөлсүн.

Ата – энелер комитетинин төрайымы: Г.Азимбаева , С. Нуркамилова

Катчы: Жакыпбек к К

SCAN AnyScanner

№2

# Протоколу

02.02.2023

Чогулуштун терагасы:Камбарова Жыпаргул

Катчы:Майрамбек кызы Мээрим

Катышкандар: 56

Кун тартибинде карала турган маселе:

1.Кылмыштуулуктун алдын алуу
2.Ар кандай маселелер

Угулду : Кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча мектептин соц.педагогу Султанкулова Анипа слайд аркылуу тушундуруу иштерин жургузду.

Жол коопсуздугу боюнча мектептин директору Камбарова Жыпаргул Дуйшеевна сүйлөдү.

Өз сөзүндө №62 кесиптик лицейдеги окуяны мисал келтирип,мектеп окуучуларынын арасында болуп жаткан келишпестиктердин натыйжасында болуп кеткен окуялар жөнүндө айтып өтүп,окуучуларга үйдөн ата-энелер күндө эскертүү керектигин айтып, этият болууга чакырды.Биздин мектепте 1 окуучу мектептин учетуна алынганын эскертти .

Ошону менен бирге ата-энелерди мектепте өтүп жаткан иш чараларга,сабактарга ар дайым келип катышып кетүүнү айтты.

Жарыш сөзгө чыгышты:
Айыл башчы Дөөлөтбаев Кудайкул,Кайназаров Алмаз,Таабалдиев Кумарбек ,Шакабаев Жаныш,Көчкөнбаева Канышай

Кайназаров Алмаз өз сөзүндө окуучуларга,ата-энелерге жол эрежесин сактоону сунуштады.

Айыл башчы Дөөлөтбаев Кудайкул мектепте музыкалык аппарат бузулуп калгандыгын айтып,ата-энелер тарабынан колдоо көрсөтүүнү сунуштап , добушка койду.

AnyScanner

**Чогулушка катышып жаткан ата-энелер бир добуштан колдоп,ар бир окуучуга 100 сомдон чогултуп,мектепке музыкалык аппарат сатып алып бермей болушту.**

Токтом

**1.Кылмыштуулуктун алдын алуу,жол кырсыгынан этият болуу жана окуучулардын билим сапатын жогорулатуу үчүн,балдарын тынымсыз көзөмөлдөп туруу,жол эрежелерин так сактоо жалпы ата-энелерге милдеттендирилсин.**

**2.Айыл башчы Дөөлөтбаев Кудайкулдун сунушунун колдоо тапканынын негизинде мектепке музыкалык аппарат алып берүү ата-энелер комитетине милдеттендирилсин.**

Чогулуштун төрагасы : Камбарова Ж

**Катчы: Майрамбек кызы Мээрим**